УДК 39(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-56-60

**НАЗАРБЕКОВА К.У., ТОЙБАЕВА Н.Б., МУРАТБЕКОВА Ж.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**НАЗАРБЕКОВА К.У., ТОЙБАЕВА Н.Б., МУРАТБЕКОВА Ж.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**NAZARBEKOVA K.U., TOIBAEVA N.B., MURATBEKOVA J.M.**
KNU J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРЫНЫН ПЕДАГОГИКАДАГЫ РОЛУ

## РОЛЬ КЫРГЫЗСКИХ ОБРЯДОВ И ПРИМЕТ В ПЕДАГОГИКЕ

## THE ROLE OF KYRGYZ RITUALS AND SIGNS IN PEDAGOGY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада кыргыздын каада-салтын коштоп келген элдик салттагы ырым-жырым белгилери, анын оң жана терс маанидеги түшүнүктөрү каралган. Буга байланыштуу этиканын элементтеринин бири катары жүрүм-тыйымдар деген ат элибиздин жашоо турмушунда кеңири белгилүү. Кылымдан-кылымга өтүп, каада-салттарыбыздагы ырым-жырымдар аткарылып, айтылып келе жаткандыгы элибиздин өсүп өнүгүшүнө салымы чоң десек жаңылышпайбыз. Бүгүнкү күндө элдик салттагы ырым-жырым белгилеринин муундан-муунга берилүүчү сырдуулугу, мурастуулугу, касиеттүүлүгү бар экендиги талашсыз. Мындан сырткары, кыргыздын улуттук дөөлөтү болгон ырым-жырымдардын белгилеринин өзгөчөлүгү баса белгиленип берилген. Макаладагы каада-салттын белгиси катары каралган ырым-жырымдар, жүрүм-тыйымдар жаштарга таалим-тарбияны үйрөтүүгө, коомдогу орду жашоодогу жол көрсөткүч кыймыл катары колдонулаарын баса белгилеп кетсек болот. Улуттук маданиятыбыздын калыптанышына карата улуу жазуучуларыбыздын кыргыз элине айтып өткөн маалыматтарынын негизинде иликтенип, түшүндүрүү максаты көздөлгөн. Терең маани, тарбияны камтыган каада-салттагы ырым-жырымдар жашоодо бизге калган ыйык рухий мурас катары кылымдан-кылымга өтүп кыргыз психологиясына терең синип, тиричиликте чоң мааниге ээ болуп келет.

**Аннотация:** В статье рассматриваются понятия ритуальных символов в народных традициях, сопровождающих кыргызские обычаи, а также их положительное и отрицательное значение. В связи с этим термин «жүрүм-тыйымдар» как один из элементов этики широко известен в жизни кыргызского народа. Тот факт, что ритуалы и традиции соблюдались и звучали на протяжении веков, внес огромный вклад в рост и развитие кыргызского народа. Символы современных народных традиций имеют таинственную, наследственную и сакральную природу, которая передается из поколения в поколение. Кроме того, подчеркивается уникальность национальных символов и обрядов. Следует подчеркнуть, что ритуалы, формы поведения и запреты, рассматриваемые в статье как признаки традиции, используются для воспитания молодежи, утверждения ее места в обществе и в качестве направляющего движения в жизни. Цель – исследовать и объяснить формирование нашей национальной культуры на основе информации, переданной кыргызскому народу нашими великими писателями. Традиционные ритуалы и обряды, содержащие глубокий смысл и воспитание, на протяжении веков глубоко укоренились в психологии кыргызов, став священным духовным наследием, оставленным нам при жизни, и приобретя огромное значение в повседневной жизни.

**Abstract:** The article discusses the positive and negative aspects of the Kyrgyz folk traditions and rituals. In this regard, the term "etiquette" as one of the elements of ethics is widely known in the life of our people. It would not be wrong to say that the fact that rituals and rituals in our traditions have been performed and spoken for centuries has made a great contribution to the growth and development of our people. Today, it is undeniable that the signs of folk rituals and ceremonies have a mysterious, hereditary, and sacred nature that is passed down from generation to generation. In addition, the peculiarities of the signs of rituals, which are the national wealth of the Kyrgyz people, are emphasized. It can be emphasized that the rituals, behaviors, and prohibitions considered as signs of tradition in the article are used to educate young people and serve as a guiding movement in their social life. The aim is to investigate and explain the formation of our national culture based on the information conveyed to the Kyrgyz people by our great writers. Traditional rituals and rites, which contain deep meaning and education, have been deeply embedded

in Kyrgyz psychology for centuries as a sacred spiritual heritage left to us in life and have become of great importance in everyday life.

**Негизги сөздөр:** рухий; ниет; каниет; эреже-норма; жүрүм-тыйымдар; мурас.
**Ключевые слова:** духовное; намерение; правило-норма; поведение; наследование.
**Keywords:** spiritual; intention; satisfied; rule-norm; behavior; inheritance.

Кыргыз эли бай тарыхка, маданиятка жана руханий дөөлөткө ээ эл. Кыргыз элинин салттуу жашоо образы баланы тарбиялоонун уникалдуу жолдору менен калыптанган. Ырым-жырымдар – бул элдик тажрыйбага, руханий ишенимдерге жана тарбиялык принциптерге негизделген маданий көрүнүш. Бул ырымдар эл арасында муундан муунга өтүп, айрыкча баланын төрөлүшүнөн баштап, коомчулукка аралашуусуна чейин чоң тарбиялык ролду ойногон.

Байыртадан эле кыргыздар жаштарды өзүнө-өзү талап коё билүүгө көнүктүргөн. Бул илим тилинде “этика” деп аталат. Этика – бул этияттык, сактык, жүрүм-турум, мамиле-катнаш, бирөө менен сүйлөшүүнүн, убадалашуунун чен-өлчөмү, эреже-нормасы. Этиканын көптөгөн элементтери кыргыз элинин жашоо-турмушунда жүрүм-тыйымдар деген ат менен белгилүү.

Жүрүм-тыйымдар – элдик нормаларды камтыган элдин адеп-ахлактык тарбиясы, маданияты. Булар жазылбаган мыйзам, эреже катары аткарууга милдеттүү болуп, балдарды, жаштарды, адептүүлүккө, ыймандуулукка, түз жолго ж.б үндөгөн жүрүм-турумдар, ырым-жырымдар коп. Азыр улам кийинки муундун акыл-туюмуна арнап, атадан балага, кылымдан-кылымга өтүп, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет. Калк ичинде канчалаган мезгил көөнөрбөй айтылып келе жаткандыгы бул жүрүм-тыйымдар тегин жерден чыкпагандыгынан болсо керек. Элдик жүрүм-тыйымдар буюруу иретинде айтылат. Бизге жөнөкөй эле сезилгени менен, ар биринин аркасында терең маани, тарбия жатат. Анда толук болбосо да, эл ичинен чогултулганына кулак салалы.

Ырым-жырымдар кыргыз элинин таалим-тарбиясында өтө терең мааниге ээ. Алар аркылуу ата-энелер балдарын жакшы сапаттарга тарбиялап, коомго даярдашкан. Элдик педагогика баланын аң-сезимин, психологиясын, коом менен болгон байланышын ырымдар аркылуу туюнтуп келген.

**1. Баш кийимди башкага берүүгө болбойт**

Баш кийимди белекке бербейт, жатаарда аяк жака таштабайт, босогого илбейт. Бирөө менен баш кийим алмашып кийгенге болбойт.

Мааниси – баш кийим элибизде баш менен тең каралып, ыйык деп саналат. Баш кийимди бирөөгө берүү, башты (акыл-эси, тилеги) кошо берүүгө тете деп бааланган. Баш кийим эскирип калса, жаш балага жыртылганча кийгизип анан өрттөп салган. Баш кийимди алмашып кийсе, ырыскы башкага ооп кетет деп саналат.

**2. Бош бешикти терметкенге болбойт**

Бешик бала жатчу, уктоочу буюм болгондуктан ыйык деп эсептелет. Бешикте жаткан баланын дене-бою, акыл-эси өсөт.

Мааниси – бош бешикти терметүү баладан айрылуунун же баласыз болуп калуунун белгиси катары каралат.

**3. Кечинде эшик шыпырганга болбойт**

Бул тыйуу азыркы мезгилге чейин күчүндө.

Мааниси – шыпырындыда жин-шайтан ойнойт деген ишеним жашайт.

**4. Шыпыргыны тикесинен койгонго болбойт**

“Шыпыргыны тикесинен койбой, жаткырып кой” деген сөздү угуп эле жүрөбүз.

Мааниси – ата-бабалар шыпыргыны тик койсо, үй ээсинин душмандары баш көтөрөт деп ишенишкен. Тик турган шыпыргы “үйдө кыз-келин болбой, келин колдонулбай, бир орунда тик тура берсем” деп тилейт деген ырым-жырым айтылат.

**5. Босогодо отурууга, аны кулачтоого болбойт**

Мааниси – босогону кулачтоо үйгө кире турган жакшы адамдардын ырыскысын, берекесин, жакшылыктын жолун тосуп киргизбей коет деген ишеним. Конокту элибиз “ырыскы ала келет” деп баалайт.

**6. Караңгыда ак бергенге болбойт**

Кыргыздар сүт-айран, кымыз сыяктуу улуттук даамдарды ак деп аташат. Акты түндө берүүгө болбойт.

Мааниси – сүт саалган малдын эмчеги сезгенип калат дешет. Эгер сөзсүз бериш керек болсо, үстүнө суу тамызып коёт, же идиштин үстүн жаап берет. Дагы бир мааниси,

караңгыда ак сураган адам, ырыскысын талашат деген да көз караш бар.

**7. Сырткы кийимди желбегей жамынууга болбойт**

Адамдын желбегей жамынып алышын да жамандыкка жоруган, жок дегенде кийимдин бир жеңин кийип алыш керек деген түшүнүк бар.

Мааниси – желбегей жамынган адам ата-энесинен ажырап калат деп чечмеленет. Илгери аза күткөн адам желбегей жамынган. Себеби жакыны өлгөн адамга көңүл айтканы келгендер ала келген кийим-кечесин сөөк ээсинин үстүнө толук кийгизбей, желбегей жаап кетишкен.

**8. Чачты, тырмакты тепсенди жерге таштоого болбойт**

Мааниси – кыргыздар адам өлсө деле, чачы, тырмагы өсө берет деген түшүнүк менен жашап, чач менен тырмакты ыйык нерсе катары карашкан. Ошондуктан аны көрүнгөн жерге ташташкан эмес. Чач, тырмактын ээси кырсыкка учурап калат деп отко да ташташкан эмес.

**9. Аялдар тизесин кучактап отурса болбойт**

Кыздарбы, келиндерби тизесин кучактап отурган аялдарды улуулар акырын колго чаап тизеден алдырып коюшкан.

Мааниси – тизе кучактап отуруу – жесирликтин белгиси катары каралат. Илгери күйөөсү каза болгон аял чачын жазып, тизесин кучактап отуруп аза күткөн. Сырттан кирген адам жесир аял ушул экен деп билишкен. Тизе кучактап отуруу жамандык чакыруучу көрүнүш деп эсептелген.

**10. Жыртык дасторконду колдонууга болбойт**

Кандай дасторкон болбосун, бир жери жыртылып же тешилип калса, колдонууга болбойт.

Мааниси – ырыскысынын баары жыртык менен чууруп түшүп калат дегенди билдирет.

Башка бирөөнүн дасторконун алып келип тамак ичкенге болбойт. Анткени батанын сообу, үй ээсине эмес, башка дасторкондун ээсине тийип калат деп айтылат. Дасторкон менен ырыскысы кошо кетет деп аны башкаларга берген эмес.

Ата-бабалардын бизге калтырган бай мурастарын көздүн карегиндей сактоо, аяр күтүү, тереӊ үйрөнүү, үйрөнүп гана тим болбостон, ар ким аны күнүмдүк жашоосунда колдонуу маданиятыбыздын өнүгүшүнө, рухий жан дүйнөбүздүн байышына негиз болот.

Академик, жазуучу Т.Сыдыкбеков "Эгерде биз кылымдардын акыл-насаатына кулак салбасак, ата-бабалардын насаатын унутсак, анда биз эч качан өнүгө албайбыз" деген экен. [КМ, 14.04.1991]

Улуттук дөөлөтүбүз күндөн-күнгө өркүндөп өссүн, жаштарыбыз жат маданияттуулукту сыйлап ээрчип кетпесин десек, өзүбүздүн каада-салттарыбыз менен үрп-адаттарыбызга кеӊири жол ачып, ата-бабаларыбызга сыйынып жүрүүгө милдеттүүбүз.

Ырым-жырым белгилери:

- камчыны моюнга салуу –кечирим суроонун белгиси;
- камчыны керегеде (үйдө) дайыма илинип турушу – үй ээсинин кайраттуулугунун белгиси;
- жакшы ниет менен кирген адам босогону тепсебей, оң буту менен аттап кирет, үйдөн чыгаарда да ошентет. Босогону тепсөө, кулачтоо үйгө келаткан ырыскыны тосууга тете дешкен;
- алакандын ысышы же кычышканы – жолго чыгуу же акча, буюм алуу;
- чынынын колдон түшүп, чайдын төгүлүшү – бирөөнүн шашып келе жатканы же болочок ишиндин кечендей турганы;
- колуңдан идиш түшүп сынганы – ошону менен кырсыктан чыгып кетиши.

**Жакшылыкка жоруу**

- Адам баласынын алгылыктуу тилектери көп. Басса-турса, бирдемелерди көрсө, алардын айрымдарына атайын көңүлдөрүн бөлүү, жакшы тилек-жарым ырыс катары ниетине келип туруусу. Түш көрүүсү, аны оң тарапка буруусу. Минтүүлөрү адамдык сапаттарды арка бел тутуулары.

**Аласа бересеге так болуу**

- Бул жашоо тиричиликте мамиле түзүү, бир-биринин ажатын ачуу, каалоо-колдоо, керегине жароо, убактылуу жардамдашуу учурлар жеринен бар.

Аласа-бересе аркылуу адамдар ынтымакташат, ырыскы шерик келишет.

Жогун башкадан алат, кайра берет. Бейкапардык пайда болот.

**Тообо кылуу** – бул жакшы сапат, жакырчылыкта өзүнүн көргөн күнүнө, жашоо турмушуна, бала-чакалуу болгонуна, аздыр-көптүр ыраазычылыгынын билдирүүсү. Ошого каниет алуусу. Кетирген күнөөсүн, акырет айткан сөздөрүнүн өзүнөн-өзү кечирүүсү.

**Башынан суу тегеретүү**. Бул башынын соо келишине карата жасалган ырым. Алтын башынан ар кандай тоскоолдуктарды жеңүүсү, адатта алыс жол сапардан аман-эсен кайткан адамдын башынан үй ээси үч курдай суу тегеретет. Ошол чыныдагы сууга үч курдай түкүрүп, сууну чачып, чынысын көңтөрүп коёт. Ат-көл аман-эсен келди, кудайым берди – деген жадырап-жайнап тосуп алууну, жай ала түшкөндүктү туюндурат.

**Элдик салттагы оң маанидеги түшүнүктөр**

**1. Тебетейин көккө ыргытуу, тебетейин баса кийүү**

Тебетейди көккө ыргытуу, тебетейди баса кийүү. Кыскасы, баш кийимди кийүүнүн ички сырлары болгон.

а) Тебетейди, калпакты көккө ыргытуу, бул сүйүнүчтүн, кубанычтын тактап айтканда сүйүнүү менен кубануунун жогорку чегин билдирүү “Көктө Теңирим турат. Ошого ыраазычылыгымды билдирип жатамын” – деген жалпы элдик түшүнүктү туюнтат.

б) Тебетейди баса кийүү, эки колду алдыга алуу, жеңге салуу – бир нерсеге өтө өкүнүүсү, бирөөлөрдөн ыдык көрүүсү

**2. Оозго суу тамызуу**

Накыл кепке айланган мунун мындай жагдайлары бар. Адатта начар абалда жаткан кайрылуудан калган адамга карата айтылат. Негизи оозго суу тамызуу ал бери кароодон калып, аны кароосу, өлүм алдында жатуучу. Кыргыздар андай шарттарда соопчулук үчүн ичер суусунан оозуна кебезге малып, тамызып, оозунун тегерек четин суулап, кыйналган пендеге жардам болоор, ыраазылыгын берээр өңдүү айла-амалы болуп саналат.

**3. Чүкөсүн айкүр тургузуу**

Бул “чүкөсү түгөлгө” үндөшөт. Ойлогон оюна, тилеген тилегине жетти, болуп турган кези. Мындан артык эмне болот. Бийиктеп турат дегенди туюндурат.

**4. Тырмак алуу**

Бул эмгектенип, мээнеттенип маңдай тери, таман акысы аркылуу тапкан маянасы, үзүрү ошого тете табылгасы. Сөздүн өтмө мааниси мына ушундан улам калат. Азыркы шартта бала биринчи эмгек акысын ата-энесине алып келип берип же ошого тете бирдеме таап келсе, ошол анын “тырмак алды тапканы” десек болот.

**5. Көз тийди болуу**

Бул элдик ырым-жырымдын бири. Ишенимдин чындыкка жакын пайда болушу. Бирөөлөрдүн жакшы көрүнүү, сугу түшүүсү аркылуу мындай жоруктун жаралышына чоң кичинелер бирдей кириптер. Мисалы, бөбөк бирөөлөрдүн көзүнчө кийинип, татынакай көрүнүп, сайрап, укмуштай турса, бирөөлөргө жутуп ийчүдөй маанай алып келет. Кокус анын эти ысып, кусуп, тамакка табити тартпай, улам арыктай берсе, денесине бирдемелер чыбырчыктай чыкса, ага “көз тийди”, кирене кирди болот.

- Биринчиден, бөбөктөрдү өтө кооз кийгизбеген;
- Экинчиден, көз мончок таккан;
- Үчүнчүдөн, жети-кумга ташты денесинин көйгөйлүү жерине каткан;
- Төртүнчүдөн, “Көзүңө көр топурак тыгылсын”, “Көзүңө кара таш тийсин” өңдүү наалат, каргыш сөздөр айтылган.

**6. Очок, коломтоңду сакта**

Адамдардын түтүн чыгаруучу орду ыйык сезилет. “Очогу, коломтосу өчө элек – казаны кайнайт, оту ойнойт, кабагы жайнайт” дегенди туюндурат. Очок, үй кемегеси, түтүнү мор аркылуу эмес, коломто – боз үйдүн от жагуучу чок ортосу болгондуктан, түтүнү түндүк аркылуу чыгат. Эгер биз жалаң жаштарды үйлөнтүп, жатаканадан орун берип, үч маал тамактандырып, эли эркин иштөөгө тартсак, ушундан турмуш, жашоо-тиричилик уланып кетет деп ишенүүгө болбойт. “Баары бир ынтымак жаралат, түбөлүктүү эрди-аял аталат”, – деш кыйын. Анткени, ар адамдын өз алдынча максаттары – аракеттери бар.

Түтүнү башка, түйшүгү башка болмоюн, башкача айтканда очок-коломтосу дүрп этип өзүнчө жанмайын, өз мүдөөсүнө эч ким жете албайт. Ошондуктан, очок-түтүн, коломто жашоо-тиричиликте ыйык сезилет. Бул үй-бүлөнү сындан өткөрөт, өз алдынча суроо-талаптарга жооп берет.

**7. Шагы сынуу**

Бул ызалыкка тушугуу. Көңүлү чөгөт боло түшүүсү. “Эл алдында, жоро-жолдоштордун көзүнчө басынуусу, кеп-сөзгө сына түшүүсү. Дарактын шагы деп, бутагы деп маанилеш айтыла берет. Бирок бутагы сына түштү дегенге караганда, шагы сынды” деген өтмө маанисинде дал келе түшөт”. “Курган бала

шагын сындырып койду” – өңдүү сөздөр айтылат.

Кыргыз ырым-жырымдары – бул тарбиялык механизмдер:

- Руханий байлык берет;
- Этикалык жана моралдык нормаларды үйрөтөт;
- Коом менен өз ара байланыш түзүүгө даярдайт;
- Салттуу билим аркылуу баланын ички дүйнөсүн калыптандырат.

Ырым-жырымдар аркылуу бала:

- Ата-бабаны урматтоого,
- Табиятка кам көрүүгө,
- Кыргыздын тарыхын, маданиятын сыйлоого үйрөнөт.

Бул – тарбиядагы идентификация (өзүн ким катары сезүү) жана руханий бекемдикти калыптандыруучу негиз.

Демек, кыргыз элинин ырым-жырымдары – бул жөн гана эски адаттар эмес, тарбиялык жана психологиялык таасири терең педагогикалык куралдар. Элдик педагогика ырымдар аркылуу баланы ыймандуулукка, акылдуулукка, коомду сыйлоого жана руханий жактан бай болууга тарбиялайт. Ошондуктан бүгүнкү күндө заманбап билим берүүдө салттуу тарбия элементтерин колдонуу өзгөчө орунда турушу керек.

**Колдонулган адабияттар**

1. Акматалиев А.А., Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Бишкек, 2011.
2. Абдылдаев А.Ж., Ата-бабалар табериги. Кыргыздардын адеп-ахлак, үрп-адат, салт-санаа, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы. –Бишкек, 2011.
3. Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. – Бишкек, 2011.
4. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. – Бишкек, 2011.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Касымбекова Н.Ж.**